**ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ НАУКИ**

УДК 80
DOI 10.33514/BK-1694-7711-2022-2(2)-14-19

**Аман кызы Бакытгүл**
С.Нааматов атындагы НМУ, п.и.к., доцент
**Аман кызы Бакытгуль**
НГУ имени С. Нааматова, к.п.н., доцент
**Aman kyzy Bakytgul**
NSU S. Naamatova, Ph.D., Associate Professor

# КАТ ЖАНА КАТТАР ЖӨНҮНДӨ
# О ПИСЬМО И ПИСЬМАХ
# ABOUT WRITING AND LETTERS

**Аннотация:** Макалада иш кагаздарынын бири болгон кат жана анын түрлөрү, өзгөчөлүктөрү каралган. Каттардын түрлөрү конкреттүү мисалдары менен ачып көрсөтүлүп, анын тарбиялык мааниси белгиленген.

**Аннотация:** В статье рассматривается письмо, являющееся одним из официальных документов, его виды и особенности, раскрываются виды письма на конкретных примерах, отмечается его воспитательное значение.

**Annotation:** The article discusses the letter, which is one of the official documents, its types and features, the types of writing are revealed on specific examples, its educational value is noted.

**Негизги сөздөр:** кат, каттын түрлөрү, текст, чеберчилик, билгичтик, адабий каттар, турмуштук каттар, публицистикалык каттар

**Ключевые слова:** письмо, виды писем, текст, умение, знание, литературные письма, жизненные письма, публицистические письма.

**Key words:** writing, types of letters, text, skill, knowledge, literary letters, life letters, journalistic letters.

Кат - иш кагаздарынын эң кеңири колдонулган түрү. Биздин жашоо турмушубуздун бардык тармактарында, багыттарына таандык. Кат жазбаган жана албаган коомдун бир дагы мүчөсү жок деп айтсак туура болот. Учурашуу кат, салам кат, дубай салам, амандык кат деп колдонулуп келүүдө. Күндөлүк турмушубузда кезиктиргендей каттын кара сөз түрүндө да, ыр түрүндө да жазыларын кеңири жолуктурабыз. Кат жазуу иши да белгилүү деңгээлде чеберчиликти, билгичтикти, билимди талап кылат. Адамдардын жашоо турмушунда кеңири колдонулуучу күндөлүк каттарды эске албаганда да каттарды болжолдуу түрдө төмөндөгүдөй классификацияласак туура болот. Турмуштук каттар, адабий каттар, публицистикалык каттар, сүйүү жана арзуу темасындагы каттар, улуу адамдардын жана мамлекеттердин ортосундагы жазылуучу каттар. Коомдун өнүгүшү, илим менен техникадагы ачылыштар адамдардын аң сезимдерин өзүнө бурбай койбойт. Компьютердик технологиянын заманында учурда кат алышуу көз ирмемдик убакытта ишке ашырылып келет. Электрондук почталар аркылуу адамдар каалаган дарекке саналуу гана мүнөттүн ичинде өзүлөрүнүн ар кандай мазмундагы каттарын жөнөтүп келишет. Адамдын акыл эсин

багындырган уюлдук телефондордогу whats app мессенджер ар кандай абалды билдирген быйтыкчалардын (смайлик) коштоосу аркылуу кат жазышып жаткан адамдын абалын ошол моментте жеткирүү деңгээлине чыкты. Мындай технологиялык революция заманына чейин адамдар арасында, же бир кандайдыр мекемелер арасындагы кат аркылуу байланыш түзүү белгилүү бир убакытты талап кылып келген.

Биз адабий каттарды адабий чыгармалардан кездештиребиз. Жалпы эле окурмандарга, жаштарга кеңири белгилүү болгон А.П. Чеховдун Ванькасын алып көрөлү: «Айланайын чоң ата Константин Макарыч!» - деп жаза баштады. «Сага кат жазып жатам. Силерди Ыйса пайгамбардын туулган күнү менен куттуктайм жана кудайдын кудурети бардыгын каалайм. Менин атам да апам да жок, мен үчүн жалгыз гана сен калдың… Келгин айланайын чоң ата» - деп улантты Ванька. «Кудайдан өтүнөм, мени бул жактан алып кетчи. Мени, бактысыз жетимди аясаң боло. Мени бардыгы урушат. Курсагым дагы ач. Ушундай көңүлсүздүктөн тынбай ыйлай берем. Сени күткөн небереӊ Иван Жуков. Айланайын чоң ата келгин»[1].

Ата-энесиз жетим баланын оор тагдыры ынанымдуу да, таасирдүү да берилип, ойлондуруучу чоң касиетке ээ экендиги көрүнүп турат.

Белгилүү котормочу, прозаик Узакбай Абдукаимовдун каарманы Кыдырбектин катынан: «Кечир, Бермет, чыныгы берметим кечир. Көптөн бери жазыла баштаган кат аягына чыкпай, кат жазууга чоло тийбей койду. Мунун ортосунда катуу согуш болду, артка чегиндик, чынын айтканда артка качтык, кайта баш аякты жыйнап, чабуулга кирдик, кыргыздар айткандай, тизеден кан кечип жүрдүк. Сен чочугандай өлүмдүн кучагында жүргөн экенбиз. Сенин катынды эми окуп, өлүм эми эсиме түшүп жүрөт. Мына кызык, ал учурда эчтеме ойлогон эмес экенмин. Биз эми айтылуу Кенигсбергди аралап баратабыз. Чыгыш Пруссиянын атактуу борбору, анын заңгыраган көп кабаттуу таш үйлөрү жыгылчудай болуп солкулдап араң турат. Талкалашмай деген согуш ушу.

Немецтер Гитлердин буйругу боюнча жалгыз солдат калгыча согушса, мындан укмуш болмок. Чынында Кенигсбергди талкалап туруп алдык, ошондо да немецтер өз улутунун түбөлүгүн ойлогондору бар экен, согуштун илгерки салты менен багынып берип, дагы далай жолу кыргындан, каргашалуу бүлүктөн аман калышты. Ал эми биздин кишилердин төгүлгөн канын айта көрбө! Булардын ичинде Качыке Ормонов да бар. Барыдан кызыгы ал кишинин күндөлүк дептери да менин колума тийди. Буга себеп Качыкенин өзү болгон экен. Ал мени менен жолукканын жазып, Тургунбай экөөбүздү тууган экен дептир. Күндөлүк орус тилинде жазылгындыктан бат эле мага келип тийди. Анын себеби, мен өлсөм бул дептер менин зайыбымдын колуна тийбесин, тирүү калса Кыдырбек Сулаймановдун колуна тийсин деп, дептердин баш жагына керээзин жазып кетиптир. Мен болсом сапар тартып баратам.[2].

Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында салгылашып жаткан жоокерлердин жана тылдагы эмгекчилердин жооп жазган каттары күн сайын миллиондоп саналгандыгы тарыхтан белгилүү. Ошол оор күндөрдү сүрөттөгөн, патриоттук эң жогорку деңгээлдеги, таалим- тарбиялык касиетке ээ болгон каттын бири болгон Майсалбектин катын алып көрөлү. «Апаке, ак сүтүңдөн айланайын апакем деп баштаптыр катты. Мен сенин кандай киши экениңди билбесем, бул катты жазбайт болчумун. Сенин акылмандыгыңа, кайратыңа, сенин күчүңө ишенип жазып отурам. Ошентсе да, эмне деп түшүндүрүп, эмне деп айтууга сөз табалбай, ак баракты тиктеп отурган кезим. Акыр түбү менин кылган ишимди туура деп табарсың, мен ага өзүмө ишенгендей ишенем. Ооба, апа, сөзсүз мени туура дээрсиң… Антсе да, түшүнсөң да, жүрөгүңдүн түпкүрүндө мага айтылбаган суроог калар: «Балам, кантип өз

өмүрүңдү өзүң кыйдың? Адамга бир жолу берилчү бул жарык дүйнө менен кантип эле өзүң коштошуп кете бердиң? Мен сени эмнеге төрөп, эмнеге өстүрүп чоңойттум?» Ооба, апа, энесиң, сенин бул сурооңо тарых кийин жооп берер. А менин айтарым, согушту биз тилеп алган жокпуз, бул көптүн башына келген кыйын иш, бүткүл адам баласына балта урган зулум күч. Биз аны менен күрөшпөй коё албайбыз, аны үчүн кан төгүп, аны үчүн жан берип, аны кыйратып жок кылууга милдеттүүбүз. Антпесек биздин адам деген атыбыз өчөт. Мен согушта жүрүп эрдик көрсөтөйүн деп эч качан эңсеген эмес элем, мен өзүмдү эң жөнөкөй, эң бир асыл ишке- мугалимдикке даярдап жүргөм. Заманым ушул экен, балдарды тамга таанытып, окутуунун ордуна, курал кармап жоокер болдум. Ал менин айыбым эмес…»[3].

Турмуштук каттар адамдардын өз ара кабарлашып, кат жазышууларын турмуштук каттар деп атасак болот. Мындай каттар күндөлүк жашоо тиричилигибизде эң кеңири колдонулат жана кездешет. Каттын бул түрүн ар бир жаран кеңири пайдаланат десек болот. Мына ушул турмуштук каттын эң мыкты үлгүсү катары И.Р. Раззаковдун кызына жазган катын алсак болот. «Мен онунчу классты бүтүрүп Фрунзеде Москва университетине кирүү экзаменин тапшырарымда папам Москвага ишке кирип кетти. Ага чейин кантсе да папам жардам берер деп ошого катуу ишенип жүргөм. Бирок кырдаал ошондой кыйчалыш болуп калса болобу? Анан менин айлам кетип, папама Москвага кат жаздым. Катымда абалым кыйын экендигин, жардам берер адамым жок жалгыз калганымды толук бойдон жазып жибердим. Оюмда катты алары менен папам өзү учуп келет деп ойлогом. Бирок көп күттүрбөй папамдын ордуна анын каты келип калды.

«Аялуу алтын кызым Элмира! Катыңа жооп берейин. Көңүл коюп, маани-маңызын түшүнгөндөй бол. Ошентип, биринчиси экзамениң башталыптыпр. Демек адепки учурдагыдай эмес, бир аз жүрөк баскан учуруң экен. Эми эң орчундуу бир гана нерсе – үшүңдү учуруп көп эле корко бербестен, ал гана турмак айрым бир адамдардын атайылап эле: «Атаңдын артынан кетпей, сен эмне мында жүрөсүң?»- деген ачуу сөздөрүнө да көңүл бурбастан, чыйралып, жаныңды үрөп, күнбү-түнбү убакыт болжобой өмөлөп окуп, экзамениңди ийгиликтүү тапшырганга тырышкының. Мына ушул-эң башкысы, негизгиси. Ал эми күнүлөштөрдүн көптүгүнө, балдардын көпчүлүгүнүн «байланыштары» же дагы башка ыңгайлуу мүмкүнчүлүктөрү бар экенине анчалык эле кабатыр боло бербе. Мындай учурда намыстанып, намыска туруп коюу керек. Антпесе болбойт. Бул сенин турмуш менен биринчи жолу кагылышың. Анан ушунда эле жеңилип берсең, аны менен күрөшө албай чабалдык кылсаң, анда мындан аркы турмуш жолуңдагы дагы толгон токой кыйынчылыктарга туруштук бере албай кыйналып каларың бышык. Ошондуктан башыңды бийик көтөрүп, баягы мен бардагыдай өзүңдү батыл карма да, көп оку, даярдан, тырышкының. Мен сага ишенемин. Сенин тырышчаактыгың, зиректигиң, акылың мени көп нерседен үмүттөндүрөт. Адам байлыгынын чени- илим экенин унутпа. Оку, талыкпа! Ооба, бул тапта сенин кыйналып жатканыңды да түшүнүп эле турам. Бирөөлөргө айтып жардам берүү оңой эле иш, бирок, бирок кызым биз Раззаковдор экенибиз эсиңде болсун! Биз бул фамилия менен мактанбастан, сыймыктанышыбыз керек. Кимде-ким өз бактысын өз колу менен жасап алса ал чоң эрдик. Чыныгы бакыт – ошол. Ал эми бирөөлөрдүн жардамы менен бакытка жеткениң – чыныгы кордук ушул. Андай болгондо өмүр бою өзүңдүн алдыңда өзүң басмырланып жүрүп өтөсүң. Мен муну сени түшүнөт деп айтып жана түшүнөрүңө да ишенемин. Мен сени Москвада чыдамсыздык менен күтөм. Ал эми биздин мындан аркы

өмүр жолубузда бизди дагы канчалык кубанычтар күтүп жатат дейсиң. Сага ийгилик, бакыт каалап, сени сагынган папаң» [4].

Публицистикалык стилдеги каттар илимдин, техниканын кеңири тармагын кучагына алат да коомдун мүчөлөрүнүн аң сезимине өзгөчө таасир берет, тарбиялайт. Биз ошонун бир тармагы болгон педагогикалык, турмуштук багытына токтолуп көрөлү. Бул сыяктуу чыгармаларга В.А. Сухомлинскийдин «Уулума кат», С. Байгазиевдин «Иниме кат», Б. Алымовдун «Шакиртиме кат» аттуу эмгектерин атасак болот.

Улуу педагог В.А.Сухомлинский мындайча жазат: «Биздин турмушта эч нерсе менен теңештирүүгө, салыштырууга болбой турган нерсе бар. Ал-биздин Ата Мекен, бир тууган эл, сүйүктүү Ата журтубуз. Кээ бирибиз жок болсок да Ата Мекен жашоосун уланта берет, бирок Ата Мекенсиз биздин ар бирибиз киши эмеспиз. Ата Мекен эркелеткенди да, талап кылганды да билген эне. Эгер баласы жаман чыкса, бекерпоз, таш боор, жүүнү бош, эки жүздүү, абийирсиз болсо – эненин шору. Эгер сен чыныгы адам боло албасаң, Ата Мекениң энедей эле капаланат, кайгырат. Ата Мекениң сыймыктангандай жашап жана иштегин. Бир тууган элиңдин кызыкчылыктарынан тап өз бак-таалайыңды» [5].

Келтирилген үзүндүдөн ар бир жаш адам үчүн өз Ата Мекенинин ыйыктыгы, аны сактоонун зарылдыгы, Ата Мекендин алдындагы жоопкерчилик, милдетти ачык-айкын белгиленет. Профессор С. Байгазиевдин «Иниме кат» публицистикасында «Балдарынын колу бошобой жатканда чаканы колуна алып суу алып келүү үчүн жөнөйт. Айрым келин-кыздуу үйдүн тамдарынын тышы бир, эки жылдан бери акталбай турса Жаналы карыя үйүн жазында аппак кылып актап алат. Короо – жайын мизилдетип таза кармайт. Кийим-кечесинин жыртык-тешигин өзү жамайт. А түгүл балдары жокто намыстанбай-этпей эле камыр жууруп, дандырга нан жапканын өз көзүбүз менен көрчү эмес белек. Бирок коңшу-колоңдору аны жактырышпайт.» [6]. Жаналы карыянын Чүй боорунда шаарга жакын айылдардын биринде узак мезгилге чейин орус адамдары менен аралаш жашашы анын мүнөзүнө, эмгектенүүсүнө таасир эткендигин кошуналары этибарга алгысы келбейт. Алардын түркөйлүк оорусу Жаналыны жек көрүүгө алып келет. Публицистикада жанычылдык, элдердин бири-бирине таасир этип, таалим берүүсү оңой-олтоң эле сиңип кетпей тургандыгы ишенимдүү берилет. Андыктан автордун аталган публицистикасын белгилүү педагог Ж. Койчуманов бекеринен «педагогикалык поэма» деп атабаган чыгар.

Ыр формасындагы каттардын жеке адамдарга, жакындарына өзүнүн жактырган же сүйгөн адамына, бүтүндөй жамаатка же көпчүлүк элге арналгандыгын байкоого болот. Мисалга акын Ж. Бөкөнбаевдин «Энеме кат» деген ырында:

Өткөн күндөр өттү бизден,
Ойдон кетип көргөнүм.
Бирок кетпейт эч эсимден,
Ыйлап мага келгениң.
Кой артында мен жүргөндө,
Тапканыңды бергениң –

деген болсо Назым Хикмет «Мемедге соңку катым» аттуу ырында:

Атасыз кыйын болор эр баланы,
Жеткирмек жигитчилик катарына.
Апаңы капа кылба,
Мен күлкүгө тундурбадым анын жүзүн,

Уулум, күлдүр өзүң.
Апаң сенин,
Жибектей бышык киши,
Жибектей назик киши.
Чоң эне болгондо да сулуу болор,
Мен аны биринчи ирет көргөндөй.

Нестан-Дарежандын сүйгөнүнө жазган биринчи катынан:

Жазганда кара көздөн кан тамчылап,
Колуна калам алды жаш шам чырак.
Бул катты окугандын жүрөгүнө,
Кадалып жаа огундай из калтырат.

Тариэлдин сүйгөнүнө жазган биринчи катынан:

Окуса тийген каттын сыры терең,
Толкундап жооп жазды тези менен.
Өңүмбү, түшүмдөбү катыңды алдым,
Көктөгү сен нурумсуң шоола берген.
Сен үчүн күйүп-жанып кайгыланам,
Капалуу жүрөк жанып жалбырттаган.
Айымсын, өмүрүмсүң турмуштагы,
Алдымда чырагымсын жаркыраган.[7].

Акын А. Бердибаев «Адамдарга ачык кат» поэмасында:

Ак шумкардай чабыттаймын,
Адамдардын деминен.
Ар убакта бой сергитем,
Ала-Тоонун желинен.
Бал татамын кары-жаштын,
Бали деген кебинен.
Калкым сүйүп кадырласа,
Кантип артка чегинем –деп жалпы эл журтуна кайрылгандыгы таамай көрүнүп турат.[8]

Улуу адамдардын жазышкан каттары, өкмөт, мамлекеттер аралык жазылган каттардын да таалим тарбиялык таасири күчтүү. Муну жалпы окурмандар туура баамдашы керек. Улуу жазуучу Ч. Айтматовдун балерина Б. Бейшеналиевага жазган үч катынын биринде:

«Бүкөн, татынам, карачы, кандай сонун болуп турасың бул сүрөттө! Кайта-кайта карап сагынып жатам. И как бы мне не было тяжело, все равно благодарю судьбу, что она подарила мне любовь к тебе. И за это я, благодарен ей жизни. А ты!.. А ты не очень» - деп жазган [9].

Каттар жана анын түрлөрү, аларды күндөлүк турмушта пайдалануу келечек ээлерин тил илими боюнча сабаттуулугун жогорулатууга, эне тилин сүйүүгө жана урматтоого тарбиялайт. Бул багытта аларга туура кеңеш берүү, иш кагаздары боюнча ар кыл багыттагы көнүгүүлөрдү, тексттик машыгууларды уюштуруу максатка ылайыктуу. Өлкөбүздөгү, дүйнөдөгү көрүнүктүү инсандардын, окумуштуулардын, жазуучулардын, адистердин кат алышуулары менен таанышууга кеңеш, багыт берүү ийгиликтердин өбөлгөсү боло алат.

**Пайдаланылган адабияттар:**


1. Жаңы Ала-Тоо. Январь 2011 .95-98-беттер.(Которгон Д. Юсупов )
2. Абдукаимов У. Майдан романы. Ф.:1961. 647-бет.
3. Кыргыз адабияты. Антология. Аңгемелер, повесттер. VI том. –Б.: 2012. 198-199-б
4. Абдылдаев Ш. Даректүү баян. 1961-ж, 2-август
5. Сухомлинский В. Уулума кат. –Ф.1968.( Которгон Д. Айтмамбетов)
6. Байгазиев С. Иниме кат. –Ф.: 1982
7. Назым Хикмет «Мемедге соңку катым» Ф. 1973. 178-182-б. (Ж. Бөкөнбаевдин котормосунда).
8. Бердибаев А. Адамдарга ачык кат. – Ф.: 1969. 23-б
9. Мамбеталиева Б. Неутерянные письма. – Б.: 2016. 116-б


**References:**


10. New Ala-Too. January 2011. Pages 95-98. (Translated by D. Yusupov)
11. Abdukaimov U. Maidan novel. F.: 1961. Page 647.
12. Kyrgyz literature. Anthology. Stories, stories. Volume VI. -B.: 2012. p. 198-199
13. Abdyldaev Sh. Documentary narrative. August 2, 1961
14. Sukhomlinsky V. A letter to my son. - F. 1968. (Translated by D. Aitmambetov)
15. Baigaziev S. A letter to my brother. -F.: 1982
16. Nazim Hikmet "My last letter to Memed" F. 1973. pp. 178-182. (in the translation of J. Bokonbaev).
17. Berdibaev A. An open letter to people. - F.: 1969. 23 p
18. Mambetalieva B. Neuterian letters. - B.: 2016. p. 116



УДК 3783:57

DOI 10.33514/BK-1694-7711-2022-2(2)-19-25



**Жороева Рахат**

И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети, аспирант

**Жороева Рахат**

Кыргызский государственный университет им. И. Арабаева, аспирантка

**Zhoroeva Rakhat**

Kyrgyz State University I. Arabaev, PhD student


# ПАТРИОТТУК ТАРБИЯ — ТАРБИЯЛЫК ИШТИН МААНИЛУУ БАГЫТТАРЫНЫН БИРИ

# ПАТРИОТИЧЕСКОЕ ВОСПИТАНИЕ – ОДНО ИЗ ВАЖНЫХ НАПРАВЛЕНИЙ ВОСПИТАТЕЛЬНОЙ РАБОТЫ

# PATRIOTIC EDUCATION IS ONE OF THE IMPORTANT DIRECTIONS OF EDUCATIONAL WORK